DOI:10.26104/IVK.2019.45

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 11, 2019

## ПЕДАГОГИКА ИЛИМДЕРИ
## ПЕДАГОГИЧЕСКИЕ НАУКИ
## PEDAGOGICAL SCIENCES

*Мадмуратова З.Г.*

# ИНКЛЮЗИВДИК БИЛИМ БЕРҮҮ КУРСУНУН МАСЕЛЕЛЕРИ ЖАНА БАЛДАРДЫ КОЛДООДОГУ РОЛУ

*Мадмуратова З.Г.*

# ВОПРОСЫ ИНКЛЮЗИВНЫХ КУРСОВ ОБРАЗОВАНИЯ И ИХ РОЛЬ В ПОДДЕРЖКЕ ДЕТЕЙ

*Z.G. Madmuratova*

# ISSUES OF INCLUSIVE EDUCATION COURSES AND THEIR ROLE IN SUPPORT FOR CHILDREN

*УДК: 370/247-91*

*Учурда региондорду өнүктүрүү, өлкөнү санариптештирүү жана балдарды колдоо жылынын алкагында оор турмуштук абалдагы, ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген балдар менен иш алып баруу, аларга өзгөчө көңүл буруу негизги талаптардын бири болуп каралат. Бүгүнкү күндө көптөгөн мектепке чейинки жана мектеп мекемелери дене түзүлүшүндө кемчилиги бар же майып балдардан тышкары, негизинен, бардык балдарды кабыл ала алат. Жакынкы мезгилге чейин мындай балдарды жалпы билим берүүчү мекемелеринин кабыл алуусуна көптөгөн чектөөлөр болуп келгени белгилүү. Ушуга байланыштуу өтө орчундуу маселе болуп, балдардын сапаттуу билим алуусуна мүмкүнчүлүк түзүүгө көмөк көрсөтүү эсептелет. Акыркы жылдары мүмкүнчүлүктөрү чектелген балдардын билим алуудагы укуктары, аларды тарбиялоодогу, окутуудагы өзгөчөлүктөр, усулдар, жалпы эле окутуунун формалары жөнүндө көп маселелер козголууда. Ушул маселелерди чечүүдө инклюзивдик билим берүүнүн артыкчылыктарын белгилеп кетүү менен, макалабызда негизинен "Баштапкы мектепте инклюзивдик билим берүү" окуу курсунун орду, маселелери жана балдарды колдоодогу ролу жөнүндө сөз козголот.*

***Негизги сөздөр:*** *инклюзия, балдарды колдоо, ден-соолук мүмкүнчүлүгү чектелген балдар, күтүлүүчү натыйжа, профессионалдык сапат, социалдашуу.*

*Одним из основных требований 2020 года, года развития регионов, цифровизации страны и поддержки детей является работа с детьми-инвалидами и уделение им особого внимания. Сегодня во многие дошкольные и школьные учреждениях могут принимать практически всех детей, кроме детей с ограниченными физическими возможностями или инвалидностью. Известно, что до недавнего времени было много ограничений на прием таких детей в общеобразовательные учреждения. В связи с этим очень важным вопросом является содействие доступу детей к качественному образованию. В последние годы поднималось много вопросов о праве детей с ограниченными возможностями на образование, особенностях их воспитания, обучения, методах и формах обучения в целом. Подчеркивая преимущества инклюзивного образования в решении этих проблем, наша статья фокусируется на роли, проблемах и роли курса инклюзивного образования в начальной школе в поддержку детей.*

***Ключевые слова:*** *инклюзия, поддержка детей, дети с ограниченными возможностями, ожидаемый результат, профессиональное качество, социализация.*

*One of the main requirements of 2020, the year of regional development, digitalization of the country and support for children is to work with children with disabilities and giving them special attention. Today, many preschool and school institutions can accept almost all children, except for children with disabilities or disabilities. It is known that until recently there were many restrictions on the admission of such children to educational institutions. In this regard, a very important issue is the promotion of children's access to quality education. In recent years, many questions have been raised about the right of children with disabilities to education, the features of their education, training, methods and forms*

DOI:10.26104/IVK.2019.45



*of education in general. Emphasizing the benefits of inclusive education in addressing these issues, our article focuses on the role, challenges and role of inclusive education in supporting children.*

***Key words:*** *inclusion, support for children, children with disabilities, expected result, professional quality, socialization.*

Баарыбызга белгилүү болгондой 2020-жыл - "Аймактарды өнүктүрүү, өлкөнү санариптештирүү жана балдарды колдоо жылы" - деп жарыяланды. Быйылкы жылы дагы бир артыкчылыктуу өзгөчө кадам болуп, балдарды колдоо багыты каралды. Президент Сооронбай Жээнбеков, Кыргызстан келечекте билимге жана инновацияларга таянган, өнүккөн маалыматтык коому бар өлкө болуш керектигин белгилөө менен адам капиталын өнүктүрүү үчүн мамлекет тарабынан жагымдуу шарт түзүлүшү керектигин баса белгиледи. Аталган милдеттер менен катар эле балдарды, өзгөчө жетим балдарды жана ден-соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген балдарды колдоону мамлекеттик саясаттын артыкчылыктуу багыты катары аныктоо зарыл экендигин шарттады.

Анын алкагында Билим берүү жана илим министри Каныбек Исаков мектеп окуучуларын түрдүү ийримдерге тартууну күчөтүү жана аларга өзгөчө көңүл буруу зарылчылыгын белгиледи. Айрыкча оор турмуштук абалдагы ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген балдар менен иш алып баруу жакшырышы керектиги менен, аларды коомго аралаштыруу жана заманбап дүйнөдө баланын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн камсыздоо болуп саналаарына өзгөчө көңүл бурду. Ошондой эле билим берүүчү мекемелерде өзүнө тартып турган аурасы, күчү, дарамети болуш керектигин кошумчалады. Ушуга байланыштуу өтө орчундуу маселе болуп, балдардын сапаттуу билим алуусуна мүмкүнчүлүк түзүүгө көмөк көрсөтүү эсептелет. Азыркы учурда көптөгөн мектепке чейинки жана мектеп мекемелери дене түзүлүшүндө кемчилиги бар же майып балдардан тышкары, негизинен, бардык балдарды кабыл ала алат. Жакынкы мезгилге чейин мындай балдарды жалпы билим берүүчү мекемелеринин кабыл алуусуна көптөгөн чектөөлөр болуп келгени белгилүү.

Өзүнүздөргө белгилүү 2019-2023-жылдарга Кыргыз Республикасында инклюзивдик билим берүүнү өнүктүрүү концепциясы атайын билим алуу муктаждыктары бар балдарга билим берүү маселелери боюнча өлкөдө ишке ашырылып жаткан стратегиялык документтерди эске алуу менен иштелип чыккан билим берүүнүн кыйла натыйжалуу жана тең укуктуу системасын түзүүгө багытталган, бул болсо анын жаңы жана заманбап милдеттерди чечүү жөндөмүн жогорулатат.

Чындыгында жашоодо ар кандай себептер менен инсан майыптыкка кабалып калат. Кээ бири тубаса болсо, кээ бири кырсыктан денеге жаракат алып, майыптыкка учурайт. Жогоруда айтып өткөндөй майып адамдардын укуктары өлкөбүздө чектелбейт, алар бардык жарандар кандай укуктарга ээ болсо ошондой эле укуктарга ээ. Чыныгы демократияда бардык жарандар коомдук турмушка бирдей аралашып, өз укугун бирдей билдиргенге укуктуу. Акыркы жылдары мүмкүнчүлүктөрү чектелген балдардын билим алуудагы укуктары, аларды тарбиялоодогу, окутуудагы өзгөчөлүктөр, усулдар, жалпы эле окутуунун формалары жөнүндө көп маселелер козголууда. Ушул маселелерди чечүүдө инклюзивдик билим берүүнүн артыкчылыктарын белгилеп кетүүгө болот [1].

Ошондуктан биз алгач эле "инклюзив" - деген сөзүн түшүндүрүп кетүүдөн баштасак, бул сөз француз тилинен кабыл алынган: "кошом, кошулам" деген маанини же болбосо "баарын камтыган" деген түшүнүктү билдирет десек да болот. Инклюзивдик билим берүүтили маданияты башка же айрым бир өксүктөрү, кемчиликтери бар балдарды кадимки класстарга кошуп окутуу. Инклюзивдик билим берүүнүн негизги идеологиясы - бардык балдарды дискриминациялоону жоюу болуп саналат, ошол эле учурда аларды жалпы билим берүүчү мекемелерге кошуп койбостон аларга атайын шартты түзүп берүү негизги максаты болуп эсептелет. Мисалы, интелектуалдык жактан жетишпеген бала болсо ага атайын программа түзүлүш керек, мугалим тарабынан өзгөчө мамиле болуу, окутуунун өзгөчөлүктөрүн эске алуу керек. Инклюзивдик билим берүү десе эле көпчүлүк ден-соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген балдарга билим берүү деп ойлошот. Бул кандайдыр бир себептер менен билим берүүдөн артта калган балдар, же болбосо социалдык шарттарда жашоодо оор кырдаалдарына туш болгон балдар, жакыр үй-бүлөлөрдүн балдары да кирет. Буларга өзгөчө билим керектөөлөрү талап кылынат. Ушундай абалдагы балдардын бардыгына өзгөчө көңүл буруп, шарттарды түзүп, кадимки билим берүү системасына кошууну – инклюзивдүү билим берүү деп айтабыз [2].

Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү балдарды камтыган инклюзивдүү окуучулар курамы өтө

DOI:10.26104/IVK.2019.45



көп кырдуу, бул топко өнүгүүсүндө, тагыраак айтканда: угуу, сүйлөө, көрүү, акыл, кыймыл-таяныч системасы, ж.б. жагынан ар кандай бузуулары бар балдар кирет. Бүгүн мүмкүнчүлүгү чектелген балдарга карата мамилени оңдоо баарынан маанилүү. Мындай кырдаалда баланын психикасын, ден соолугун жана антропологиялык өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен жекече өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен жекече мамиле кылуу артыкчылык болуп саналат [3].

Өзгөчө муктаждыктагы балдарга болгон мамиле өзгөрбөсө, эч бир атайын курулган жогорку деңгээлдеги мектептер да жардам берүүсү оңойго турбайт. Мүмкүнчүлүктөрү чектелген балдар менен иштеген педагогдор ар бир баланын жекече талабын канааттандырууга аракет кылса, алар элдердин түрдүү кылык-жоруктарына түшүнүү менен мамиле кылып, өздөрүнүн жүрүм-турумунун жана иш-аракеттеринин мисалында адам мамилелеринин баалуулугун, адамга болгон сый-урматты, эгер адамдар бири – бирин колдоого алса алардын көйгөйлүү маселелерин кантип чечүүнүн жолдорун дагы көрсөтүшөт.

ЖОЖдор аралык инклюзивдик билим берүү лабороториясынын методисти Джапарова Замира Бердибекованын айтуусунда, инклюзивдүү билим берүү маселеси биздин өлкөдө негизинен башка өлкөлөргө салыштырмалуу азыраак убакыттан бери киргизилип келе жатса да, ошого карабастан инклюзивдик практиканы коомго жайылтуу максатында мамлекет тарабынан көп кадамдар каралган.

Алсак билим берүү министрлиги тарабынан ишке ашырылып жаткан Наристе (480 саат) Балдарды мектепке даярдоо программасы, бул программанын бир компоненти болуп инклюзивдүү билим берүү болуп эсептелинет. Наристе программасынын алкагында майыптыгы бар балдарды да кошуп мектепке даярдоо жүргүзүлүп келе жатат. Ушул программа окутулган учурда эгер бала бакчага барбай калса да мектепке 1-класска психологиялык барьер жок кире алат деп айтсак болот. Наристеге катышкан бардык балдар окуу процессине тилине, динине, кандайдыр бир социалдык макамына карабастан бардыгы кошулуп, башкача айтканда, бүгүнкү күндө инклюзивдүү билим берүү идеясы боюнча бардык балдар кадимки балдар менен, үй-бүлөсү менен, ата-эне мээриминде эле өзү теңдүү курдаштары менен билим ала алат. Бул программаны ишке ашырууда атайын мугалимдерди даярдоо курстары жүргүзүлөт.

Мындан сырткары педагогикалык жогорку окуу жайларда Наристе (480саат) Балдарды мектепке даярдоо жана Инклюзивдик билим берүү окуу курстары жакынкы аралыктан бери Педагогика жана башталгыч билим берүү, Мектепке чейинки билим берүү адистиктеринде предмет катары окулуп келе жатат. Алсак, мен өзүм түзгөн жумушчу программанын негизинде Педагогика жана башталгыч билим берүү усулдугу профилинде Инклюзивдик билим берүү дисциплинасын окутууда башталгыч класстын болочок педагогу: мектептин башталгыч классындагы окуучуларды өнүктүрүү үчүн атайын муктаждыктагы балдардын өзгөчөлүктөрү менен таанышат, балдар бакчасы, башталгыч мектеп шартындагы атайын муктаждыктагы балдарды ыңгайлаштыруу жана социалдаштыруунун педагогикалык шарттарын үйрөнүшөт, ар бир баланын жекече талабын канааттандыруу, алардын көйгөйлүү маселелерин чечүү билгичтиги калыптанат. Мүмкүнчүлүгү чектелген балдарды окутууга, тарбиялоого жана ишмердүүлүк чөйрөсүдөгү кесиптик маселелерди иш жүзүндө чече алууга даяр болот. Дисциплинаны өздөштүрүүнүн натыйжасында стандарттан жана НББПдан алынган компетенциялардын (ЖК-4, ИК-1, ИК-5, СИМК-3, КК-7, КК-10) негизинде студент төмөнкү компетенцияларга жетишет:

- *Баштапкы мектепте инклюзивдик билим берүү дисциплинасынын негизги түшүнүктөрүн билет, өзүнүн педагогикалык ишмердүүлүк чөйрөсүндө мүмкүнчүлүгү чектелген балдарды окутууга, тарбиялоого жана ишмердүүлүк чөйрөсүдөгү кесиптик маселелерди чечүүнүн жолдорун билет (билим / знание категориясы билет / знает);*
- *Кесиптик маселелерди чечүүдө муктаждыктары бар балдардын өзгөчөлүктөрүнө карай сабакты уюштура алат жана билимди өздөштүрүүсү үчүн ар бирине жекече мамиле жасоону ишке ашыра алат (билгичтик / умение категориясы жасай алат / умеет);*

*Кесиптик маселелерди чечүүдө атайын муктаждыктагы балдардын шык – жөндөмүн ачууга, алардын физологиялык жана психологиялык өзгөчөлүктөрүн эске алуу методдоруна ээ болот, ыктардын жыйынтыктарын педагогикалык усулдарды колдонуу менен иштеп чыгууга, анализдөөгө жана синтездөөгө жөндөмдүү (көндүм/навыки категориясы: ээ болуу/ владеть).*

DOI:10.26104/IVK.2019.45



*Дисциплинаны окутуу аркылуу төмөнкү күтүлүүчү натыйжаларына ээ болот. (НББПнын 1,8-күтүлүүчү натыйжаларынан келип чыгат).*

ОН-1. Интеграцияланган илимий билимдердин тутумун камтуу менен курчап турган дүйнөнү илимий билимдердин негиздерин таанып билет жана жалпы башталгыч билим берүү мекемелеринде теориялык, практикалык, инклюзивдүү окутуу жөндөмдүүлүгүнө ээ болот;

ОН-8. Көп маданияттуу коомдогу мамилелерди жөнгө салуучу укуктук жана этикалык нормаларды кармануу менен профессионалдык ишмердигинде бардык окуучуларга маданий айырмачылыктарына карабай өнүккөн укуктук аң-сезимдин негизинде бирдей мүмкүнчүлүк түзүп берүүгө, өзүнүн оозеки жана жазуу түрүндөгү сөзүн мамлекеттик жана расмий тилде так, негиздүү жана логикалык жактан туура түзүүгө жөндөмдүү болот.

Демек, Инклюзивдүү билим берүүнү курсун өтүп жатып эффективдүү болушу үчүн коомдун, педагогдордун көз карашын өзгөртүү менен катар болочок тарбиячыларды, педагогдорду да психологиялык жактан даярдап баруу, жогоруда көрсөтүлгөндөй окутуунун күтүлүүчү натыйжаларына жетүү үчүн окуу курсундагы мазмунду дыкаттык менен окуп-түшүнүү талап кылынат.

Анткени, “инклюзия процессинде өзөктүү позицияны педагог ээлейт. Ошондуктан, мугалимдин профессионалдык ой жүгүртүүсү, анын инсандык сапаттарынын деңгээли инклюзивдүү билим берүүнү алдыга жылдыруучу фактор катары эсептелинет. Педагог моралдык жактан туруктуу, профессионалдык жактан компетенттүү жана маданий деңгээли жогору болушу зарыл. Инклюзивдүү билим берүүнү ишке ашырууда мугалим окуучуларды гана окутпастан, өзү дагы окуйт, б.а эки тараптуу окутуу жүзөгө ашат. Демек, мугалимдин инсандык сапаттарынан жана анын ийкемдүү башкаруусунан психоэмоциноналдык атмосфера көз каранды. Мугалим инклюзивдүү билим берүүнү ишке ашырып жатып, гумандуулукту, ак көңүлдүүлүктү, чыдамкайлыкты жана өзгөчө билим керектөөлөрү бар балдарга сый мамиле көрсөтүүнүн үлгүсү болуусу керек” - деп, Джапарова Замира Бердибекова эжекебиздин айтып кеткени жаш педагогдор үчүн аябай маанилүү экенин белгилеп кетебиз [2].

Жыйынтыктап айтсак, акыркы убакытта ДМЧ балдардын саны көбөйүп жаткандыгы бул аябай коркунучтуу көрүнүш. Төрөлгөндөн 3 жашка чейин, 3 жаштан 5 жашка чейинки убакыттан баштап ата-энелер, мектепке чейинки балдарды даярдоо үчүн, саламаттыкты сактоо, социалдык коргоо жана билим берүү уюмдары тарабынан өз убагында түрткү берип кийлигише турган болсок, жойсок болот. Анткени, бул маселени чечүүдө бир ата-эне жалгыз калып калбаш керек. Кудай бир жерден алып койсо, бир жерден берип коет экен. Балдарды тарбиялоодо эмнеге жөндөмдүүлүгүн табуу негизги болуп эсетелет. Мисалы бир бала сүрөт тартканга жөндөмдүү болушу мүмкүн, ал ошол жөндөмү менен келечекте өз жолун таап кетиши керек.

Бизде мыкты, таланттуу тарбиячыларыбыз көп, колдон келген аракеттерди жасаса бул балдарга болгон мамилени өзгөртсө сөзсүз натыйжа чыгат деп айта алабыз.

**Адабияттар:**


1. Джапарова З.Б. Мүмкүнчүлүктөрү чектелген балдарды жалпы билим берүүчү мектептерде окутуудагы педагогикалык шарттар. / Илимий методикалык журнал: Башталгыч мектеп. №1, 2017. - 15-бет.
2. Джапарова З.Б. Атайын жана инклюзивдик билим берүү – тарых, келечек, көйгөйлөр. / И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Жарчысы: 2017. - 266-бет.
3. Усенко Л.В., Дудкина О.И., Сейдекулова Г.С. Инклюзивдик билим берүү: Мектепке чейинки билим берүү мекемелеринин тарбиячылары жана башталгыч мектептин мугалимдери үчүн методикалык колдонмо. - Бишкек, 2012.